Урматтуу педагогдор!

Кыргыз Республикасынын демилгеси боюнча 2021-жылдын 16-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 76-сессиясынын катышуучулары 2022-жылды "Тоолорду туруктуу өнүктүрүү эл аралык жылы" деп жарыялоо жөнүндө резолюциясын бир добуштан колдошкон. Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаров "2022-жылды Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы деп жарыялоо жөнүндө" Жарлыгына кол койду.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.У. Жапаровдун 2022-жылдын 6-сентябрдагы №23-4225 «Таза мурас» улуттук кампаниясын өткөрүү боюнча тапшырмасы берилди.

Ал тапшырманы аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылынын 12-сентябрында №1775/1 буйругу чыккан. Буйруктун негизинде 2022-жылдын 17-сентябрынан 31-октябрына чейин “Таза мурас” улуттук кампаниясы билим берүү уюмдарында өткөрүлүүсү тийиш. Иш-чараларды өткөрүү боюнча методикалык сунуштар, класстык сааттын иштелмеси, макала даярдалды.